| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ № 110**

29-декабрь 2025-жыл Садовое а.

**Александровка айылындагы маданият үйүн ижарага берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчик объектилерин пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө жобого (айылдык кенештин 2024-жылдын 21-июнундагы №39 токтому менен бекитилген), ошондой эле муниципалдык менчик объектилерин пайдаланууга жана ижарага берүү боюнча Миң-Булак айыл өкмөтүнүн комиссиясынын 2025-жылдын 22-декабрындагы №4 протоколунун чечимин карап чыгып, Миң-Булак айыл аймагынын айылдык кенеши токтом кылат:

1. Александровка айылында жайгашкан, Фрунзе көчөсү (номерсиз), жалпы аянты 1101,0 чарчы метр болгон, жанаша жайгашкан жер тилкеси менен бирге муниципалдык менчиктеги маданият үйүнүн имаратын максаттуу багытын өзгөртпөстөн, кинотеатр уюштуруу үчүн түздөн-түз ижарага берүүгө макулдук берилсин.
2. Миң-Булак айыл өкмөтүнө төмөнкүлөр тапшырылсын:
   - ижара келишимин белгиленген тартипте түзүү;
   - муниципалдык мүлктүн сакталышын камсыз кылуу;
   - имаратты максаттуу пайдаланууга көзөмөл жүргүзүү.
3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик-укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү айылдык кенештин бюджет, финансы, инвестициялар жана гранттык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**